*Турдугулов Али Турдугулович,*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*филология илимдеринин доктору, профессор,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

# ОКУУ КИТЕБИНИН МАЗМУНУ МЕНЕН СТРУКТУРАСЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

*Турдугулов Али Турдугулович,*
*доктор филологических наук, профессор,*
*Кыргызская академия образования,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ СОДЕРЖАНИЯ И СТРУКТУРЫ УЧЕБНИКА

*Turdugulov Ali Turdugulovich,*
*Doctor of Philology, professor,*
*Kyrgyz Academy of Education,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city*

# THEORETICAL QUESTIONS OF CONTENT AND STRUCTURE OF THE TEXTBOOK

***Аннотация:*** *Мектепте мугалимдин окуучусуна сапаттуу билим берүүсүнүн же окуучунун сапаттуу билим алуусунун негизги каражаттарынын бири катары окуу китебинин мааниси чоң. Окуу китебинин теориясы менен практикасы жана методологиясы педагогика менен дидактикада жакшы иштелип чыккан. Окуу китеби илимдин жана маданияттын соңку жетишкендиктеринин негизинде тигил же бул тармак боюнча билимдердин, билгичтиктердин жана маалыматтардын негиздерин системалуу түрдө сунуш кыла турган китеп. Бул китеп ушунусу менен көркөм адабияттан кескин айырмаланып турганы менен, ал адабияттын негизги түрү болуп, бардык тармактарда колдонулууга сунуш кылынат.*

***Аннотация:*** *Роль учебника, как один из основных средств получения образования указаны в педагогике и дидактике, в плане теории и методологии, как основной фактор системы образования уже давно. В статье обуславливаются некоторые теоретические вопросы содержания и структуры учебника, краткий обзор создания учебников с древних времён и определены концептуальные вопросы содержания, структуры учебника. Она окажет авторам практическую помощь в создании учебников.*

***Annotation:*** *The role of the textbook as one of the main means of obtaining education has been indicated in pedagogy and didactics, in terms of theory and methodology, as a main factor in the education system for a long time. The article addresses some theoretical issues of the content and structure of the textbook, a brief overview of the creation of textbooks from ancient times, and defines conceptual issues of content and structure of the textbook.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *окуу китеби, окуу китебинин мазмуну, окуу китебинин структурасы, Шумер маданияты, антика доору, алгачкы кыргыз окуу китептери, окуу китебинин концептуалдык жоболору.*

***Ключевые слова:*** *учебник, содержание учебника, структура учебника, культура древних шумеров, античность, первые учебники на кыргызском языке, концептуальные вопросы создания учебников.*

***Keywords:*** *textbook, textbook content, textbook structure, ancient Sumerian culture, ancient time textbooks, Kyrgyz Latin textbooks, conceptual principles for creating textbooks.*

Ар бирибиз өз мезгилинде мектептен билим алдык, бирибиз эртерээк, бирибиз кечирээк, бирок ар бир муун өкүлү ошондогу окуу китептеринен пайдаланды. Окуу китептери мурдатан болгон, азыр да бар, кийин деле анын ролун эч ким танбайт. Кантсе да окуу китеби сапаттуу билим берүүнүн же билим алуунун негизги каражаты катары сыналган каражат.

Окуу китептеринин жазылып баштаганына, анын узак жылдар бою жашап келишине кызыгып көргөн адам абдан эле кызыктуу фактыларга кабылат. Окуу китебинин тарыхы узак жылдарды камтып, байыркы шумер цивилизациясынан башат алганын көрүүгө болот. Шумерлердин ылайдан жасашкан таблицалары мындан миң жыл илгери аларга окуу китеби катары кызмат кылган экен. Ал эми антика дүйнөсүндөгү байыркы авторлордун папирустарга, таш беттерине ар кандай белгилер менен сүрөттөрдү, тамгаларды, сөздөрдү, алардан куралган сүйлөмдөрдү жазгандары кандайдыр бир системага салынып, билим берүүнүн максат-милдеттерин аткарганы маалым. Белгилүү го, байыркы римдиктер же грек окумуштуулары асман телолору, астрономия, арифметика, геометрия, философия, антропология сыяктуу илим тармактарына абдан кызыгып, жашоонун сырларын ушулар аркылуу өздөштүрүүнү максат кылышкан. Айталы, байыркы грек маданиятынын "Евкилид" доорундагы (б.з.ч. 300 жылдар) геометрия окуу китеби аларга көптөгөн кылымдар бою кызмат кылды. Анын көлөмү да абдан чоң болуп, 2500 басма табакты түзчү экен. Орто кылымдарда "Псалтырь", "Часослов" сыяктуу кудай кызматындагы (богослужебные книги) китептер балдарга билим жана тарбия берүүчү окуу китептеринин милдетин аткарышкан. Алар ошондогу философтордун ойлорун камтып, окутуунун натыйжалуулугу да жакшы болгонун тануу кыйын. Жүрүп олтуруп, окуу китептеринин да мазмуну, структурасы улам кийинки цивилизациялардын ички талаптарына ылайыкташтырылып, мазмуну менен структурасы да калыбына келтирилип, жакшырып отурду. Чех окумуштуусу Ян Амос Коменскийдин өзү иштеп чыккан дидактиканын принциптерине негизделип түзүлгөн окуу китептери массалык окутуунун каражаты катары мааниси жогору болгону да белгилүү. Ал түзгөн "Мир чувственных вещей в картинках" деп аталган окуу китеби 1658-жылы жазылып, андан кийинки түзүлгөн окуу хрестоматияларына, окуулуктарга үлгү катары көп жылдар бою кызмыт кылды.

Бирок Россия империясынын курамындагы айрым шаарларда жазылган окуу китептери Коменскийден алда канча мурда жаратылганы кызыктуу, айталы, Львов шаарындагы Иван Федоровдун 1574-жылы жазган азбукасы орустун печать түрүндөгү алгачкы китеби эле. Буга удаа 1596-жылы Зизаниянын грамматика окуу китеби, 1619-жылы М.Смотрицскийдин грамматикасы жарык көргөн. Булардын баарын терең анализдеп чыгып улуу окумуштуу М.В.Ломоносов 1757-жылы белгилүү "Орус грамматикасын" ("Русская грамматика") жазат. Буга удаа Карион Истоминдин "Букварь" китеби жазылган. Ошол эле мезгилде арифметика боюнча бир нече окуу китептери жарык көрөт. Улуу Пётр биринчинин "Геометрия славенски землемерия" деп аталган китеби ошондогу жер иштетүү, геодезия гана эмес, жалпы сабаттуулукту жоюу ишиндеги негизги окуу китебинин милдетин аткарат. Орус тарыхынын эң алгачкы окуулугу катары М.В.Ломоносовдун 1760-жылы жазылган "Краткий российский летопись с родословием" деп аталган китебин айтууга болот. Бул китеп да ошондогу окуу китептеринин милдетин аткарганы менен баалуу болгонун орус окумуштуулары айтышат. Кийинчерээк ысымы дүйнөлүк адабият менен маданияттын классикасына айланган орус жазуучусу Лев Николаевич Толстойдун айрыкча, жаш секелектерге, өспүрүмдөргө арнап жазган окуу китептери ошондогу сабатсыздыкты жоюу гана эмес, балдардын аң-сезимдерин, дүйнөтаанымын калыптандыруу ишинде опол тоодой милдет аткарганы белгилүү. Ошентип, китеп жазуу тажрыйбасы көптөгөн кылымдардын катмарынан бүгүнкү күндөргө чейин узак, ошол эле мезгилде кызыктуу жолду басып өттү.

Кыргыз интелигенциясы өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарында элди ошол жылдары жарыяланып турган газеталардын жардамы менен окутканы белгилүү. 1924-жылы жарык көрө баштаган “Эркин Тоо” гезити, “Жаңы маданият жолунда” журналы мына ушул милдетти аткарды. Кийинирээк Касым Тыныстановдун, Сатыбалды Нааматовдун окуу китептери элдин жапырт сабаттуулука, илим, билимге суусаган муктаждыктарын кандыра алды десе болот. Жыйырманчы жылдардагы “Алиппе жана төтө окуу” деп аталган окуу китеби көпчүлүк үчүн кыска мөөнөттө сабаттуулукту жоюунун натыйжалуу жолу болгону белгилүү. Жыйырманчы жылдары, тагыраак айтканда, 1924-жылы И.Арабаевдин араб арибинде жазылган “Кыргыз алиппеси” Ташкенттен басылып чыгат. Буга удаа К.Тыныстановдун “Алиппеден кийинки окуу үчүн хрестоматия” деген аталыштагы окуу-хрестоматиясы жарык көрөт. Ошол эле жыйырманчы жылдардын биринчи жарымына И.Арабаев менен Х.Карасаевдин “Жаңылык” деп аталган окуу китеби, жыйырманчы жылдардын аяк ченинде К.Тыныстановдун “Эне тилибиз”, “Жаңы айыл” деп аталган окуу китептери, И.Арабаевдин “Биздин мектеп” окуу китептери жарык көргөн. Улам мезгил берилеген сайын кыргыз тилиндеги окуу китептерин жазуу кадимкидей системаланышып, эми У.Абдукаимов, М.Абдукеримов, Ө.Жакишев, К.Орозалиев, М.Кырбашев, Т.Байжиев сыяктуу авторлор окуу китептерин жазууга тартыла баштады. Орус жазуучусу Лев Толстой сыңары эле кыргыз акыны Алыкул Осмонов да бирин-экин окуу китеп жазуу ишине аралашты.

Кыргыз педагогикасы менен дидактикасына, анын ичинде окутуу методикасына өзүнүн бараандуу салымын кошуп келе жаткан окумуштуу Назаркул Ишекеевичтин 2010-жылы жарык көргөн “Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги» [2] деген аталыштагы ири монографиясы улуттук көркөм сөз өнөрүн, улуттук адабиятты окутуу ишинде окуу китептеринин ролу, мааниси тууралуу, а эң негизгиси, ал окуу китептеринин жазылып баштаган узак жылдардагы тарыхынан бүгүнкү күндөгү абалына чейинки процессин кенен, профессионалдуу талдап бергени менен маанилүү. Кыргыз адабияты боюнча окуу китептерин жазуу ишинде авторлор мына ушул окумуштуунун эмгегин дыкат карап чыкканы, кенен пайдаланганы зарыл деген ойдомун.

Окуу китеби илимдин жана маданияттын соңку жетишкендиктеринин негизинде тигил же бул тармак боюнча билимдердин, билгичтиктердин жана маалыматтардын негиздерин системалуу түрдө сунуш кыла турган китеп. Бул китеп ушунусу менен көркөм адабияттан кескин айырмаланып турганы менен, ал адабияттын негизги түрү болуп, бардык тармактарда колдонулууга сунуш кылынат. Билим берүү менен тарбиянын ар бир баскычында: мектепке чейинки мекемелерде, орто билим берүү баскычында, жогорку окуу жайларында, кесиптик-техникалык лицейлерде жана менчик мектептерде программалардын негизинде жазылган окуу китептери колдонулушу керек, колдонулуп да келген, ал окуу китептери билим берүүнүн ошол баскычынын максат-милдеттерине жооп бериши зарыл. Ошону менен бирге, окуу китептери социалдык группалардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу, тарбия жана билим, билгичтиктерин калыптандыруу милдеттерин аткарат.

Окуу китебинин теориясы менен методологиясы педагогиканын, психологиянын гана эмес, фундаменталдык жана гуманитардык илимдердин, искусствонун жана китептаануу тармактарынын интеграциясында калыптанган. Окуу китептеринин натыйжалуу структурасын иштеп чыгууда ар кандай илимий мамилелердин бар экендиги белгилүү, айталы, орус окумуштуулары И.Я.Лернер менен В.П.Беспальконун теорияларына ылайык окуу процессин уюштуруунун негизги каражаты, анын “ички структурасы” окуу процессин уюштуруунун дээрлик бардык элементтерин камтышы зарыл. Окуу китебинин мазмуну менен формасынын диалектикалык биримдиги барып-келип анын педагогикалык функциясын аныктап турат. Окутуунун педагогикалык модели катары окуу китебинин структурасын

окутуунун билим берүүчүлүк позициясынан карап, профессор И.Я.Лернер “окуу китебинин структурасынын жуурулушкан элементтерин окутуу процессинин структурасы” деп түшүнгөн. Ал эми окумуштуу В.П.Беспалько окуу китебин окуу-тарбия процессинин комплекстүү маалыматтык модели катары карап, анын мазмуну менен структурасына ар кандай материалдык колдонмолорду (носитель): окуу китебинин өзүн; фильм, үн жазгыч каражаттарды; компьютерге сакталган үйрөнүү программаларын (муну ал программаланган окуу китеби дейт) кошо берет. Анын түшүнүгүндө, окуу китеби окутуу процессинин модели катары окутуунун максаты менен мазмунун, окутуунун дидактикалык принциптери менен технологияларын аныктап турушу керек [1, 254 б.].

Билим жана тарбия берүү мекемелеринин ар бир тиби үчүн (башталгыч мектеп, негизги-базалык мектеп, жалпы билим берүүчү орто мектеп, кечки мектеп, кесиптик-техникалык, атайын орто жана жогорку адистик окуу жайлары) алардын талаптарына жооп бергидей, анда билим-тарбия алгандардын индивидуалдык курактык жана билим деңгээлине, дагы башка өзгөчөлүктөрүнө туура келгидей дидактикалык принциптерди жетекчиликке алып түзүлүшү керек. Соңку мезгилдерде жалаң эле окуу китеби менен чектелбестен, окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгуу маселелери курч коюлууда. Демек, окуу процессинде мамлекеттик базалык жана вариативдик окуу пландары, негизги жана факультативдик окуу үчүн түзүлгөн программалар, кагаздагы жана электрондук сактагычтагы окуу китеби, мугалим үчүн жазылган методикалык көрсөтмөлөр, сабактардын болжолдуу план-иштелмелери, интернет булактарынан алынган кошумча материалдар, практикум, хрестоматия китеби, жумушчу дептерлер, дидактикалык материалдар менен окуучулар үчүн колдонмолор (буга тапшырмалар жыйнагы, атлас менен карталар, сөздүктөр менен энциклопедиялар, CD дисктер менен компакт дисктер, аудио жана видео колдонмолору кириши мүмкүн), предмет боюнча кошумча окуу китептери – булардын баары ошол окуу-методикалык комплекстин компоненттери. Ал эми предметтик окуу китептерине анын методикалык колдонмолору, кошумча хрестоматиялар, маселелердин жыйнактары, ар кандай сөздүктөр, энциклопедиялар, дидактикалык материалдар, таблицалар, сүрөттөр, схемалар, предметтик буклеттер сыяктуу кошумча окуу каражаттары же компоненттери иштелип чыгылышы зарыл. Билим берүү процессинде окуучулардын өз алдынча чыгармачылык менен изденип эмгектенүүлөрүн өнүктүрүүнүн зарылдыгы улам өөрчүп турган кезде мындай колдонмолордун маанилүүлүгү ого бетер күчөп жатат. Өзгөчө факультативдик окууну уюштурууда, кечки мектепте жана сырттан окуу жайларында, аралыктан билим берүүдө булардын ролу маанилүү.

Окуу китебисиз жана ага кошумча түзүлүүчү колдонмолорсуз билим жана тарбия берүүчү мекемелердин алдына коюлуучу милдеттердин аткарылышын элестетүү мүмкүн эмес. Айрыкча, мектептер үчүн жазылган окуу китептерин бүтүндөй окуу процессинин өзүнчө бир сценарийи деп эсептөөгө болот. Окуу китептери окутуунун жана тарбиялоонун мазмунун гана эмес, белгилүү даражада, алар менен иштөөнүн методикалык ыкмаларын да аныктайт, ал гана эмес мында билим, тарбия берүү ишмердүүлүгүнүн жалпы абалы, окутуучунун да, окуучунун да ишмердүүлүгү, иш-аракеттери камтылат. Соңку мезгилдердеги коомдун социалдык абалы, ааламдашуу процесстери, маалымат технологияларынын күчөшү, рынок экономикасына өтүүнүн шартындагы билим берүүнүн өнүгүү этабы мурда болуп көрбөгөндөй жаңы нукка бурулду. Эми окуу китептерин жазуу иши мурдагыдан кыйла башкача, өзгөчө талаптарга жооп бергидей аткарылышы мыйзам ченемдүүлүккө айланды.

Окуу китеби билим берүүнүн мазмунун өздөштүрүүнүн каражаты катары берилген предметтик программалардагы окуу материалдарын толук камтуу менен катар ал илимдин тиешелүү тармагы боюнча окурмандарга эң керектүү энциклопедиялык сөздүк болуп да кызмат кылат. Мындай болгон учурда окуу китебинде табият

таануу, коом, техника, эмгек кылуунун ыкмалары, илимий далилдер, маанилүү терминдер, илимдин негизги закондору менен теориялары, методологиялык маалыматтар анын негизги мазмунун түзүшү керек.

Окуу китеби окуучулардын руханий жактан жетилип өнүгүүсүнө, логикалык ойлонуусунун жана тил маданиятынын калыптанышына шарт түзүүгө тийиш. Аны үчүн тандалып алынуучу окуу материалы жана анын окуу китебинде жайгаштырылышынын методикасы бирдиктүү бир системадагы тартипке баш ийдирилип, белгилүү бир максат-милдеттерди аткарууга же компетенцияларды калыптандырууга багытталууга тийиш. Заманбап окуу китеби ар түрдүү функцияларды аткарат, андай көп түрдүү функциялардын параметрлерин өлкөнүн билим берүү концепциялары менен мамлекеттик стандарттары гана аныкташы керек. Ошентсе да окуу китептеринин көпчүлүгүнө ар качан мүнөзүү болгон эки башкы функцияны бөлүп көрсөтө туралы: биринчиси, окуучу менен студенттин билимдерин, билгичтиктери менен көндүм-адаттарын (компетенцияларын) калыптандыруучу функция, экинчиси, ал компетенцияларды турмушунда өмүр бою максаттуу жана натыйжалуу пайдалана алуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу функциясы.

Окуу китебинде сунуш кылынган окуу материалынын мазмуну жана анын методикалык жактан туура сунуш кылынышы, полиграфиялык жактан сабаттуу, сапатуу жасалгаланып берилиши окутуудагы негизги дидактикалык төмөнкү принциптердин ишке ашырылышын камсыз кылууга тийиш: илимийлүүлүк принцибине ылайык окуу китебинде сунуш кылынган окуу материалдарынын, маалыматтардын илимий ачылыштардын негизинде реалдуу чындыка негизделип аныкталгандыгы, алардын далилдүүлүгү, бул маалыматтар эч кимди эки ача ойго кабылтпай тургандай илимий жактан өтө дыкаттык менен текшерилген абалда болууга тийиш. Илимийлүүлүк принцибинин негизинде түзүлгөн китепте окулуучу курстун спецификалык бөтөнчөлүгү жана анын өзгөчөлүктөрү толук эске алынат, башкача айтканда, дүйнөнүн илимий картинасы түзүлгөндөй абалда сүрөттөлүп берилет. Демек, мыйзамдардын жана мыйзам ченемдүүлүктөрдүн, илимий теориялардын, концепциялардын, илимий гипотезалардын, илимий терминдердин сунуш кылынышы иерархиялык абалда болуп, бирин экинчиси уламалуулуктун принцибинде жайгаштырылышы зарыл. Дидактиканын жеткиликтүүлүк принцибинин негизинде класстагы ар бир окуучулардын курактык бөтөнчөлүктөрүнө ылайык анын таанып билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен түзүлөт. Ошол эле учурда илимийлүүлүк, уланмалуулук (преемственность) жана жеткиликтүүлүк (доступность) принциптеринин ортосунда кандайдыр бир диспропорция болбоого тийиш. Системалуулук принцибине ылайык окуу китебинде баяндалып берилүүчү материалдардын удаалаштыгы, улам кийинки маалымат сөзсүз өзүнөн мурда сунуш кылынган маалыматтын логикалык уландысы болууга тийиш. Дидактаканын бекемдүүлүк (принцип прочности) принцибине ылайык окуучунун алган теориялык билимдеринин жана практикалык билгичтиктеринин ага өмүр бою пайдасы тийип, аларды натыйжалуу пайдалана алуусуна ылайыкташтырылышы, педагогикалык кызматташтыктын негизинде мугалим менен биргелешип эмгектенүүсүнүн натыйжалары да алган билимдин бекемделишине ыңгайлуу өбөлгөлөрдү түзөөрүн эске алуу зарыл. Окуучунун окуу материалын канчалык даражада өздөштүргөндүгүнүн абалын көзөмөлдөп текшерүү үчүн, анын өзүн өзү текшерүүсү үчүн пайдаланыла турган керектүү көнүгүүлөр, суроолор жана көрсөтмөлөр, тесттик тапшырмалар менен китептеги текстин методикалык жактан камсыз кылынышы зарыл.

Окуу китебинин мазмуну менен структурасынын концептуалдык негиздери менен анын ченемдик принциптери, асыресе:

• өлкөдөгү билим берүү мыйзамдарынын талаптарына каршы келбеши;

• мамлекеттик стандарт менен программаларга ылайык жазылышы;

• окутуунун концепцияларына ылайыкталышы;

• педагогикалык-психологиялык параметрлеринин туура аныкталышы;

• методикалык жактан туура, натыйжалуу өздөштүрүүгө ыңгайлуу болушу;

• улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышы;

• окуучунун жеке мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүүдөгү же аларды калыптандыруу ишиндеги бир максатка багындырылышы;

• дидактикалык принциптердин сакталышы.

Оозеки жана жазуу речи жетишерлик калыптанган окуучу гана бардык предметтер боюнча жазылган окуу китептеринен натыйжалуу пайдалана алат, алардагы окуу материалдарын мыкты өздөштүрүп, кайтарым принциптерине ылайык класста окуганын кайра айтып бере алат, мугалимдин суроолоруна кыйналбай жооп бере алат. Речтин калыптанышы анын кандай кесипке ээ болгонуна карабай аны өмүр бою коштоп жүрүүчү социалдык маанилүү фактор. Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.Рысбаевдин “Кыргыз тили окуу китептерин түзүүдө жетекчиликке алынуучу дидактикалык жана методикалык талаптар” деген макаласында окуу китебинин статусу менен функциясы кыйла чектелип берилген, ал мындай дейт: “... ал эми окуу китептери болсо окуу программаларда камтылган негизги жоболордун түздөн-түз же чыгармачылык менен ишке ашыруучу маанилүү каражат...” [6, 10 б.]. Ошентсе да аталган макалада окуучунун речь ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселесиндеги ойлору алгылыктуу. Автор окуу китебине “...окуу материалдары окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө жараша тандалууга тийиш, деп келип буларды санайт: угуп түшүнүү; сүйлөө; маектешүү; окуу; которуу [6, 14 б.]. Ырас, мында кыргыз тилин бөтөн тилдүүлөргө үйрөтүүнүн методикасы тууралуу сөз бара жаткандыгы деле түшүнүктүү...

Окуу китеби үзгүлтүксүз билим берүүнүн негизин түзүүчү, практикалык билгичтерди жана көнүмдөрдү калыптандыруучу функцияны аткаруучу негизги фактор экендигин унутпашыбыз зарыл. Окуу китебинин көрсөтмөлүүлүк параметрлери окуу материалын керектүү сүрөттөр, схемалар, таблицалар, диаграммалар, графиктер менен абстрактуу жана образдуу сөз түрүндөгү кызыктуу маалыматтар менен жабдуу дегендик. Дидактиканын уланмалуулук принцибине ылайык тигил же класстын окуу китебинде берилген предмет боюнча мурунку класстардын окуу материалдардын мазмунун максималдуу эсепке алуу дегендик, аларга зарыл учурларда керектүү шилтеме берүү, окуучуларды алар төмөнкү класстарда алган билимдер менен билгичтиктерди максаттуу пайдаланууга, актуалдаштырууга ынтызар кылып кызыктыруучу суроолор менен китептин текстин жабдуу дегендик, мурда өтүлүп өздөштүрүлгөн материалдардын текстин сабаттуулук менен активдүү өздөштүрүүнүн таянычы катарында улам кайталап пайдалануу зарылчылыгы да бар.

Окуу китеби сабакта мугалимдин жардамы менен, ал эми үйдө өз алдынча, окуучунун изденип эмгектенип, сапаттуу билимге ээ болууга багыттоого тийиш, башкача айтканда, ал окуучулардын мындай иштерин камсыз кылуучу дидактикалык материалдар менен жабдылган болушу шарт.

Окуу китебинин структурасында сунуш кылынган окуу материалдары проблемалуу маселелердин айланасында болуп окуучунун жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыргандай, тигил же бул маселе боюнча окуучу өзү изденгендей болсун. Окуучунун китептен ала турган билимдерге ээ болуу процессинин толук циклин шарттуу түрдө төмөнкүдөй деңгээлде кароого болот: Окуу китебиндеги материалды туура өздөштүрүүсү, түшүнүп билүүсү, аңдап баамдоосу, негизги нерселерге маани берүүсү, жыйынтыгында, ал окуу материалдары боюнча ой корутунду же болбосо, жалпылоо иштерин жасай билүүсү; окуу китебинде сунуш кылынган окуу материалдары блокторго бөлүнүп сунуш кылынган болсо, аларды натыйжалуу өздөштүрүүсү, окуу материалын тематикалык жана жыйынтыктоочу кайталоо мезгилинде керектүүлөрүн гана бөлүп көрсөтө алуусу. Окуу китебиндеги майда-майда блокторго бөлүнүп сунуш кылынган текстер окуучуну ал материалдарды түшүнүүгө да, өздөштүрүүгө да, кийин кайтарым байланыш учурунда пайдаланууга да багыттоого тийиш.

Окуу процессиндеги кайтарым байланыш – бул окуучунун сабакта ээ болгон билим, билгичтиктери, көндүм-адаттары же болбосо, компетенциялары анын кийинки сабакта гана эмес, ар дайым жадында (эсинде) сакталгандай болушу керек, ал билим, билгичтиктер менен көндүм-адаттар анын өмүр бою ишмердүүлүгүндө кереги тийгендей болсун.

Окуу китебиндеги материалдардын дифференциялангандыгы – бул окуу китебинде окуучулардын негизги психологиялык группаларынын бөтөнчө өзгөчөлүктөрүн максималдуу эсепке алуу үчүн колдонууга жарамдуу болгон ар түрдүү татаалдыктагы, зарылдыгы болсо, жеңилдиктеги, көнүгүүлөрдүн жана тапшырмалардын болушу дегендик. Окуу китеби мугалимди өзүнүн окутуу ишин кандайдыр абстрактуу «орточо» окуучуга ылайыкташтырылган форматта иштөөгө багыттабастан, тескерисинче, базалык текст боюнча да, тапшырмаларынын системасы боюнча да, тексттик материалдарды колдонууда илимий-практикалык дифференциациялоону камсыз кылууга багыттай тургандай болуп түзүлүшү керек. Эгерде окуу китебинин мазмуну жогоруда көрсөтүлгөн принциптерге ылайык аныкталса, анда анын структурасы жана андагы негизги тексттик элементтердин жайгаштырылуусу төмөндөгүдөй болушу мүмкүн: киришүү; негизги текст, ар кандай иллюстрациялар, суроолор жана тапшырмалар менен коштолуучу тексттер; корутунду бөлүм; тиркемелер; методикалык көрсөтмөлөр; кошумча адабияттар. Окутуунун педагогикалык, дидактикалык максат-милдеттерине ылайык, окуучуларды сабаттуулукка, билимдүү, коммуникативдүү болууга даярдоонун деңгээлине жараша окуу китебинин структурасында үйрөнүлө турган билимдердин көлөмү жана ырааттуулук системасы дыкаттык менен такталып берилет.

Ошентип, жогоруда айтылган теориялык сунуштарга ылайык түзүлгөн окуу китебин пайдаланууда окуучунун дүйнөгө болгон мамилеси ар тараптан калыптанат, тигил же бул предметке болгон кызыгуусу, логикалык ойлоосу, эстеп калуусу артат, калыптанат.

***Жаңы муундагы окуу китеби дегенде эмнени түшүнөбүз?***

Оболу, жаңы муундагы окуу китептерин жазууну шарттаган социалдык өбөлгөлөр тууралуу сөз болгону жакшы. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар эми мурдагыдан түп тамырынан бери өзгөрдү, асыресе, билим берүүнүн социалисттик системасынан айырмаланып, аны гумандаштыруу процесси бекем орун алып калды. Билим берүү жана тарбия мекемелеринде мурдагыдай “маалымат жыйноочу” же “билимдик”, “кыйшаюусуз өздөштүрүлүүчүлүк” мамилеге эмес, окуучунун инсандык касиеттерин өнүктүрүүчүлүк, аны турмушка даярдоо, ишмердүүлүгүнө багытталган мамиле приоритеттүү болуп калды. Ал эми тарбия процесси окуучунун өз алдынча жоопкерчиликтүү чечим кабыл алууга жөндөмдүү, учурдагы рынок шартына ылайыкташа билген, социалдык активдүү адамды тарбиялоо милдетин аткарып калды. Мындай шартта жазыла турган окуу китептери окуучунун натыйжалуу, заманбап билим алуусунун мазмундук өзөгүн түзүшү зарыл. Окуу китебинин мазмуну менен структурасы окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүн натыйжалуу билим алууга багыттап туруучу каражат болушу шарт. Эми окуу китеби тигил же бул предмет боюнча маалыматтардын жыйындысы болбостон, окуучунун жеке инсандык укуктарын таануу, сактоо жана коргоо милдетин да аткарат. Башкача, айтканда, окуу китебиндеги окуу материалдардын мазмуну мына ушуларга багытталуусу зарыл дегендик. Окуу китебиндеги материалдыр окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн, жеке кызыкчылыктарын, анын муктаждыктарын эске алган абалда болушу шарт. Улам класс жогорулаган сайын окуу китептери окуучунун өсүп жетилүүсүн, өз алдынча өнүгүүсүн камсыз кылгандай болсун. Окуучунун өз алдынча ишмердүүлүктү, аларды туура пландаштыруунун жана шарт-жагдайды баалоону да ал күнүгө карай турган ошол окуу китептеринен, андагы окуу материалдарынан алганы жакшы.

Мына ушуларды эске алганда жаңы муундагы окуу китебинин бир катар концептуалдык негиздери менен ченемдик

принциптери келип чыгат, авторлор мына ушуларды карманышы зарыл. Алар кайсылар: билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик ченемдерге, нормативдик документтерге (стандарт, программа, окуу пландары ж.б.) дал келүүсү; жалпы адамзаттык жана улуттук дөөлөттөрдү, баалуулуктарды чагылдыруусу; окуу материалдарынын адамдын мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүүгө багытталышы; мазмуну менен ички структурасы ошол класска, программага ылайыкталышы; дидактикалык принциптердин сакталышы; графикалык жасалгаланышы ошол класстын окуучусунун кабыл алуусуна дал келиши.

Адатта, орто мектептер үчүн жазылган окуу китептери массалык колдонууга ылайыкталып жазылат. Окуучу үчүн күндөлүк турмушта эмне зарыл болсо, ошонун баарын окуу китеби өздөштүрүүгө өбөлгө түзгөндөй болушу керек. Мындай милдеттерди аткаруу үчүн окуу китебинин авторлору жетишерлик санда окуу материалдарын кеңири пайдаланышат. Ошол эле мезгилде тигил же бул тема боюнча маалыматтарды толук камтыган окуу китеби андан ашык маалыматтарды камтыбашы керек, мунун өзү окуучунун теманы толук өздөштүрүүсүнө кедерги болот. Автор китебине киргизген маалыматарды окуучунун жеке ой жүгүртүүсүн калыптандыра турган фактор катары караганы туура. Ошентип, окуу китебинин методикалык аппараты билгичтик менен жайгаштырылса окуучунун даяр маалыматтарды супсак өздөштүрүүгө эмес, өз алдынча ой жүгүртүп, өз алдынча иштөөгө гана көндүрөт. Супсак маалыматтарды окуучунун акылына куя бергенден көрө, анын тигил же бул маселе боюнча өзүнүн пикирин жаратууга багытталганы туура. Асыресе, окуу китебинде сунуш кылынган окуу материалдары төмөнкү критерийлерге жооп бериши шарт: окуучуга жеткиликтүү болушу; окуучу үчүн түшүнүктүү тилде жазылышы; сунуш кылынган материалдын кызыктуу болушу. Окуу китебиндеги материалдар жеткиликтүү болушу үчүн оболу ал материалдар окуучуга түшүнүктүү, жөнөкөй болушу шарт. Окуучунун материалды түшүнбөгөнү анын кызыгуусун жоготуусунун бирден бир себеби. Мектеп окуучусунун каалаганын түшүнүп, канткенде ал материалды оңой түшүнөт, кызыгып окуйт, а эмнеден кыйналаарын билүүгө кызыккан же алдын ала билген автор гана жакшы окуу китебин жаза алат. Илимдин тигил же бул маселесин чечмелеп жатып анын тили окуучу үчүн түшүнүктүү болсо, ал тил окуучунун курактык өзгөчөлүктөрү менен кабыл алуусуна ылайыкталган болсо, анда ал окуу китеби ага түшүнүктүү, ары анын коммуникациясын калыптандырууга жарамдуу болот дегендик. Китептин тили, баяндоо стили белгилүү деңгээлде предметке карата болгон окуучунун кызыгуусун күчөтүп, андагы тексттин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылышы керек. Буга чейин окуучу окуп келген окуу китептеринен аны жазган автордун гана үнү угулуп, маселеге болгон автордун гана пикирин көрүүгө болоор эле, окуу китебиндеги стилдик полифония (көп үндүүлүк), башкача айтканда, документтин, илимпоздун, изилдөөчүнүн, көркөм сөздүн жандуу добуштарынын жуурулушуп турушу, а эң негизгиси – турмуш чындыгы менен байланышып турушу окуучу үчүн түшүнүктүү, кызыктуу, ошол предметти жандуу, көп пландуу кабыл алууга өбөлгө түзөт. Окуу китебин жазуунун эстетикасы боюнча маселе өзүнчө сөз.

Ошентип, жаңы муундагы окуу китебинин негизги параметрлери болжол менен булар болушу керек окшойт: окуу китебинде илимдин тигил же бул тармагы боюнча жаңы ачылыштарды жасаган, кызыктуу көрүнүштөрдү тапкан окумуштуунун үнү, добушу угулуп турсун; илимдеги ошол ачылыштарды иштеп чыгып, жөнөкөйлөштүрүп окуучунун окуу китеби аркылуу тааныштырган автордун үнү, добушу; окуу китебинин автору менен тыгыз кызматташтыкта иштеген басып чыгаруучунун (мында китептин эстетикасы тууралуу сөз болушу керек) добушу, иштөө стили; окуу китебиндеги окуу материалдарын кабылдоочу окуучунун кызыкчылыктары; окуу китебин окуу процессинде колдонгон мугалимдердин окуу процессиндеги өз ара карым-катышынын, кызматташуусунун, биргелешкен чыгарма-

чылыгынын жана “бирге ой жүгүртүүсүнүн, талдоосунун” куралы болгон окуу китебин жаңы муундагы окуу китеби деп айтууга негиз бар. Анын мазмуну менен структурасында мультимаданияттуулук (ар кандай элдердин маданиятын, салтын, улуттук баалуулуктарын түшүнө билүүчүлүк), ар кандай окуяларга карата болгон сабырдуулук, толеранттуулук, гендердик принциптердин карманылышы, өзүн - өзү баалоо жана ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрө билүү, окуучунун бүткүл турмушунда, жашоосунда зарыл болгон көндүмдөрдү калыптандырууга өбөлгөлөрдү түзгөн абалда болушу шарт. Жаңы муундагы окуу китеби тигил же бул предметтин алкагында келечектеги кесибин тандаган окуучунун да, же болбосо, жалпы окуу планынын чегинде гана өздөштүрүп жаткан окуучулардын да кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүтөрүн эске алган окуу курсун методикалык-дидактикалык жактан коштоп туруучу Окуу-методикалык комплекстин (ОМК) негизи болушу керек. Ал эми ал окуу-методикалык комплекс өз ичине төмөнкү параметрлерди камтышы керек: мамлекеттик базалык же вариативдик окуу пландары; стандарттарга негизделип түзүлгөн негизги жана факультативдик окуунун программалары; китеп түрүндөгү жана электрондук сактагычтагы окуу китептери; мугалимдер үчүн жазылган методикалык көрсөтмөлөр, куралдар; ар бир сабактын видеожазуудагы болжолдуу иштелмелери, интернет сайтындагы кошумча материалдар; окуучу үчүн практикум, хрестоматия, жумушчу дептерлер; дидактикалык материалдар жана окуучулар үчүн колдонмолор (тапшырмалар жыйнагы, атластар, карталар, сөздүктөр, CD-ROM, CD дисктер, компакт дисктер, видео жана аудио окуу колдонмолору); окуучунун үйдө өз алдынча даярдануусу үчүн кошумча окуу куралдары, кошумча адабияттар, китептер. Демек, жаңы муундагы окуу китеби буга чейин биз көнүп калган бир эле китептин чегинен чыгып, окуу-методикалык комплекстин милдетин аткарган окуу китеби болушу керек. Ошондо гана тигил же бул предмет боюнча жазылган окуу китеби заманбап окуу китеби болмокчу.

Дегинкиси, окуу китеби, асыресе, жаңы муундагы окуу китеби окуучу же студент үчүн арналган белгилүү бир маалыматтардын топтому гана эмес, эң оболу ал окуучу менен студенттин акыл ишмердүүлүгүн, дүйнө тааным логикасын уюштуруучу каражат. Мектептин окуу китеби – бул окутуунун полифункционалдык (көп функционалдуу) каражаты, андагы ар бир элемент окутуу процессин уюштурууга, натыйжалуу өткөрүүгө багытталган белгилүү бир ишмердүүлүктү ишке ашырууга багытталат. Баарыбыздын түшүнүгүбүздө окуу китеби тигил же бул тармактагы топтолгон билимдердин негиздерин илим менен маданияттын соңку жетишкендиктеринин негизинде системалуу баяндап берген китеп, же окуу адабияттарынын негизги түрлөрүнүн бири. Окуу китеби тийиштүү социалдык топтогу (окуучу, студент, жөн эле даярданган адам) жана курактагы адамдарды окутуу жана тарбиялоо, аларды жетилтүү, калыптандыруу максаттары менен милдеттерине шайкеш жазылган окуу куралы. Ошентип, окуу китеби окуучулардын басымдуу бөлүгү үчүн билимдердин, маалыматтардын маанилүү булагы катары окутуу жана тарбиялоо процессинин системалуу каражаты. Окуу китеби аркылуу билим берүү менен тарбиялоонун мазмунун өздөштүрүү процесси ишке ашырылат. Окуучунун же студенттин социалдык тажрыйба топтой билүү жөндөмүн, аны курчап турган чөйрөдөгү көрүнүштөр менен окуяларга адекваттуу баа берип, коомдо өз ордун туура таба билүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга тийиш. Окутуунун жана тарбиялоонун системалуу каражаты катары окуу китеби билим жана тарбия процессинин мазмуну, өздөштүрүү процесси жана натыйжалары менен тыгыз байланышта болгон белгилүү бир материалдык формага ээ көрүнүш. Ал ошондой материалдык формага ээ болгондуктан, демек, окуу китебин жаратууга аралашкан ар бир звенонун (автордун, редактордун, корректордун, сүрөтчүнүн, басып чыгаруучунун) жоопкерчилигин андан ары арттырат. Булар, эң оболу, окуу китебинин теориясы менен жакшы тааныш болушу талап кылынат.

**Адабияттар:**


1. Беспалько В.П. Теория учебника. – Москва: Педагогика, 1988. – 324 стр.
2. Ишекеев Н.И. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги. - Б., 2010. - 208 б.
3. Зуев Д.Д. Школьный учебник. – Москва: Педагогика, 1990. – 201 стр.
4. Зуев Д.Д. Школьный учебник: вчера, сегодня, завтра. В журнале: Народное образование, 1988. № 12. – С. 25–38.
5. Талызина Н.Ф. Место и функции учебника в учебном процессе. – Москва: Учебная литература, 1998. – 261 стр.
6. Рысбаев С.К. Кыргыз тили окуу китептерин түзүүдө жетекчиликке алынуучу дидактикалык жана методикалык талаптар. //Кыргыз Билим берүү Академиясынын Кабарлары. 2017. № 2(42). – 10 – 14 беттер.
7. Цетлин В.С. Структура учебника как средство руководства познавательной деятельности учащихся. – Москва: Педагогика, 1988.


***Рецензиялаган:***
***Рысбаев С.К.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***